# ГОСУДАРСТВЕННАЯ СИСТЕМА ЭЛЕКТРОННЫХ СООБЩЕНИЙ

ФИО: КОЧКОРБАЙ КЫЗЫ ЖУМАГУЛ

ПИН: [redacted]

Адрес: [redacted]

Электронная почта: kochorbaevaj12@gmail.com

Номер телефона: [redacted]

---

Тема сообщения: Арыз

Тип сообщения: Жалоба

Текст сообщения:

Арыз

CamScanner 21.11.2024 15.15.pdf
Документ 2.pdf

Выберите метод отправки уведомления о статусе сообщения:

- [x] Получить уведомление по статусу сообщения на телефон
- [x] Получить уведомление по статусу сообщения на электронную почту
- [ ] Получить уведомление по статусу сообщения на Telegram

Наименование государственного органа, в который направляется сообщение: Центральная комиссия по выборам и проведению референдумов Кыргызской Республики

Уникальный номер сообщения: № 384968697

Дата отправки заявки: 21-11-2024 года

Время отправки заявки: 15:48:55

[illegible] БОРБОРДУК [illegible] КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш/Входящий № К-77
21 11 24

Документ подписан электронной подписью
Государственного портала электронных услуг
Дата подписи:2024-11-21

**Борбордук шайлоо комиссиясына**
**Алай районундагы Гүлчө айылдык**
**кеңешине караштуу №1 Будалык**
**шайлоо округундагы талапкерлерден**

# АРЫЗ

2024- жылдын 17-ноябрында өткөрүлгөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо күнү №1 Будалык шайлоо округунун №5134 шайлоо участкасындагы шайлоонун жүрүшүндө төмөндөгүдөй күмөндүү иш-аракеттер болгон жана биз Алай аймактык шайлоо комиссиясына кайрылганда төмөндөгү иш аракеттер боюнча мыйзам бузуу болгондугун аныктап чечим чыгарып беришкен.

1. 2024-жылдын 16-ноябрь көчмө урна аркылуу добуш берүү күнүндө адамдар добуш бергенден кийин бюллетендер өрттөлүп, бир нече адам кайрадан идентификациядан өтүп, кайрадан шайлоо болгон. Ошондо бир адамдын эки жолу добуш берүү фактысы катталган. Ага мисал шайлоочу Аттокурова Жумагүл көчмө урнага эки жолу бюллетень таштаган.
2. 2024-жылдын 17-ноябрь күнү добуш берүү аяктаганга чейин, байкоочулар А.Сасанов, М.Бакир уулу №5135 шайлоо участкасына барып добуш берип келишкен. Алар №5134 Бубаев шайлоо участкасына кайра келген учурда саат 19:59 болгон, бирок добуш берүү кабинетинин эшиги жабык болуп, байкоочулар 20:00дө киришкен. Мында да мөөнөтүнө мурда шайлоо эшигинин жабылуусу мыйзам бузууга жатат.
3. Добуш берүү аяктагандан кийин көчмө урнадагы бюллетендер АСУга салынган, анда 11 бюллетень болгон жана анын экөөнү гана урна кабыл алган. Калган тогузун кабыл алган эмес. Эмне себептен урна кабыл алган эмес? Бул да күмөн жаратат.
4. Урна кабыл албай койгон көчмө урнадагы 9 бюллетень өзүнчө каралбай калган. Комиссия ал бюллетендерди АСУдан чыккан бюллетендерге кошуп алганын айткан, мында добуштарды өзгөртүү күмөнү жаралууда. Комиссия урна (АСУ) кабыл албай койгон көчмө урнанын 9 бюллетенин байкоочуларга көрсөткөн эмес.
5. Добуш берүү аяктап саат 20:00 болгондон кийин АСУнун жыйынтыгы бир сааттан кийин айтылып, комиссия тарабынан ачыкка чыгаруу кечеңдеп, саат 21:00го жакын гана белгилүү болгон.

Сканировано с CamScanner

6. Бюллетендерди кол менен эсептөөнүн ортосунда комиссия эсептен жаңылган жана ортодо тыныгуу алып (адамдардын сыртка чыгып келүүсү болгон), кайра башынан эсептөө жүргүзгөн.
7. Комиссия бюллетендерди АШКга алып барып, бирок тапшырбай, кайрадан санап келүүгө алып кеткен. Комиссиянын төрагасы (Келдибек Сакыев) түнкү саат 1ден өткөндөн кийин кээ бир гана талапкерлерге чалып, эсеп туура эмес болуп калганын, кайра башынан эсептөө керек экендигин айткан. Эмнеге баарына айткан эмес? Эгерде эсеп туура эмес болсо, эмнеге бюллетендерди шайлоо участкасынан алып чыгып кеткенден кийин кайра эсептөө зарылдыгы келип чыкты? Бюллетендерди АШКга эрте мененки саат 5те тапшырганы АШК тарабанынан айтылды. Мынча убакыт алып жүрүү дагы мыйзам бузуулардын жасалуусуна шарт түзөт жана ар кандай шек саноолорго алып келүүдө.

Шайлоонун жыйынтыгын чыгаруудагы ушул сыяктуу шектүү иш-аракеттер президент Садыр Жапаровдун шайлоону ачык-айкын, таза өткөрүү саясатына жана мыйзамга каршы келет , ошондой эле шайлоо жыйынтыгын бурмалоо аракети болгон деп эсептейбиз.Ошондуктан Алай аймактык шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 20-ноябрындагы №16-чечиминин негизинде Будалык шайлоо округуна караштуу №5134 шайлоо участкасында одоно мыйзам бузуу аныкталгандыктан, Гүлчө айылдык кеңешинин №1 Будалык шайлоо округуна караштуу №5134 участкасындагы өткөрүлгөн шайлоонун жыйынтыгын жокко чыгарып берүүңүздөрдү суранабыз

Арыз ээлери:

Аттокурова А.

Исманалиева А.

Кантөрө уулу Ө.

Кочкорбай кызы Ж.

Рахматов К.

Сасанов Э.

Эгемкулов Ө.

Арызга кошумча тиркелүүчү документтер:

1. Алай аймактык шайлоо комиссиясынын 2024-жылдын 20-ноябрындагы №16-чечими

Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
Ош областы
Алай аймактык
шайлоо комиссиясы

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
Ошская область
Алайская территориальная
избирательная комиссия

713000 с.Гульча, ул. Алымбек Датка 110 тел.5-13-65,
Adm29-1@shailoo.gov.kg

## Алай аймактык шайлоо комиссиясынын

## № 16 -Ч Е Ч И М И

20.11.2024-жыл

Гүлчө айылы.

**2024-жылдын 20-ноябрында Алай аймактык шайлоо комиссиясынын арыз-даттануулларды кароо боюнча отуруму.**

Бүгүнкү жыйынга аймактык шайлоо комиссиясынын 8 мүчөсү катышып жатат, кворум бар. Жыйынды өтсөк болот.

**Угулду:** Алай аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы М.Молдобаев – төмөндөгүлөрдү белгиледи: 2024-жылдын 17-ноябрында өткөрүлгөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо күнү №1 Будалык шайлоо округунун №5134 шайлоо участкасындагы шайлоонун жүрүшүндө күмөндүү иш-аракеттер болгондуктан, анын мыйзамдуулугун текшерип берүү жөнүндө 2024-жылдын 19-ноябрь күнү №1 Будалык шайлоо округунан талапкерлер А. Аттокурова, А. Исманалиева, Ө. Кантөрө уулу, Ж. Кочкорбай кызы, К.Рахматов, Э.Сасанов жана Ө. Эгемкуловдордон арыз келип түшкөн. Арызда төмөндөгүлөр белгиленген.

2024-жылдын 16-ноябрь күнү көчмө урна аркылуу добуш берүү күнүндө бюллетендер өрттөлгөнү айтылууда, ал кандай бюллетендер жана эмне үчүн бул боюнча башка байкоочулардын кабары жок. 2024-жылдын 17-ноябрь күнү добуш берүү күнү аяктаганга чейин, байкоочулар А.Сасанов, М.Бакир уулу №5135 шайлоо участкасына барып добуш берип келишкен. Алар №5135 №5134 участкасына кайра келген учурда саат 19:59 болгон, бирок добуш берүү кабинетинин эшиги жабык болуп, байкоочулар 20:00дө киришкен. Мында да мөөнөтүнөн мурда шайлоо эшигинин жабылуусу мыйзам бузууга жатат. Добуш берүү аяктагандан кийин көчмө урнадагы бюллетендер АЭУга салынган, анда 11 бюллетень болгон жана анын экөөнү гана урна кабыл алып, калган тогузун кабыл алган эмес, эмнеге урна кабыл алган эмес. АЭУ кабыл албай койгон бюллетендерди Төрага АЭУ кабыл алган бюллетендерге кошуп алганын айткан, комиссия урна кабыл албай койгон бюллетендерди байкоочуларга көрсөткөн эмес. Добуш берүү аяктап саат 20:00 болгондон кийин АЭУнун жыйынтыгы 1 сааттан кийин айтылган, ачыкка чыгаруу кечендеп, саат 21:00гө жакын гана белгилүү болгон. Бюллетендерди кол менен эсептөө орѓосунда комиссия эсептен жаңылган

жана ортодо тыныгуу алып адамдар сыртка чыгып келип, кайра башынан эсептөө болгон. Участкалык шайлоо комиссиясы бюллетендерди АШКга алып барып, бирок тапшырбай, кайрадан санап келүүгө алып кеткен. Комиссиянын төрагасы Келдибек Сакыев түнкү саат 1ден өткөндөн кийин кээ бир гана талапкерлерге чалып, эсеп туура эмес болуп калганын айтып, кайра башынан эсептөө керектигин айткан. Бюллетендерди АШКга эрте мененки саат 5те тапшырганы АШК тарабынан айтылды. Мынча көп убакыт алып жүрүү дагы мыйзам бузуулардын жасалуусуна шарт түзөт деген күмөндөр менен талапкерлер келген, уруксат берсеңиздер бул маселе боюнча биринчи талапкерлердин оюн угуп көрөлү.

**Ж.Кочкорбай кызы (талапкер):** 2024-жылдын 16-ноябрь күнү көчмө урна аркылуу добуш берүү күнүндө бюллетендер өрттөлгөнү айтылууда, мындан сырткары участкалык шайлоо комиссиясы бюллетендерди АШКга алып барып, бирок тапшырбай, кайрадан санап келүүсүнө эмне себеп болду?

**К.Сакыев (УШКнын төрагасы):** 2024-жылдын 16-ноябрь күнү көчмө урна аркылуу добуш берүү күнүндө бюллетендер өрттөлгөнү туура ал байкоочулардын катышуусунда болгон, УИП аппараты бузулуп калып, бюллетень чыгарып бергин жери иштен чыккан. Ал аппаратты алмаштырып флешкаларды жаңы аппаратка салганда УИП аппаратында жаңылануу жүрүп көчмө шайлоону башынан өткөрүүгө туура келген, бирок ал учурда 4 шайлоочуну көчмө шайлоодон өткөрүп койгон элек, ошол 7 бюллетень кошо эсептелип калбасын деп өрттөп салдык. Көчмө шайлоо кайрадан башталган. Участкалык шайлоо комиссиясы бюллетендерди АШКга алып барганыбыз дагы туура ал жерге алып барганыбызда аймактык шайлоо комиссиясы кайра эсеп жүргүзүү участкалык шайлоо комиссиясында байкоочулар менен талапкерлердин катышуусунда өткөрүлөөрүн эскерткен, биз кайра участкага келип, кайра эсептеп чыктык. Себеби эсептөө учурунда адашып калдык деп күмөн болгон.

**Ө. Эгемкулов (талапкер):** саат 19:59 да эшикти жапкансыздар, байкоочулар 20:00дө келсе участканын эшиги жабык болуп алар кире алган эмес.

**К.Сакыев (УШКнын төрагасы):** 2024-жылдын 17-ноябрь күнү саат 19:58 де эшике чыгып кыйкыргам участка жабылат деп эч ким жок болгондуктан эшикти 19:59 да жапканбыз, сатт 20:00 дө байкоочулар келип эшикти тыкылдаткан биз аларды киргизгенбиз. Участканын ичинде алардан башка дагы байкоочулар болгон.

**Ж.Кочкорбай кызы (талапкер):** Кайра эсептөө жүргүү үчүн талапкерлердин баарын чакырган эмессиз.

**К.Сакыев (УШКнын төрагасы):** Биз участкалык шайлоо комиссиясына келгенден кийин бардык талапкерлерге чалганбыз кээ бирлеринин телефондору өчүк, кээ бири келбейбиз деп айтты, калгандары келип кетишти.

**Ж.Кочкорбай кызы (талапкер):** Эмне үчүн АЭУ аппараты көчмөдөгү 11 бюллетендин 2 кабыл алып, калганын кабыл албай койгон?

**БШКнын Алай АШКсындагы сис. администратору И.Эсенов-** ооба мындай техникалык мүчүлүштүктөр орун алган, себеби мындай көрүнүштөр башка участкаларда да орун алган, бирок ал добуштар колго салуу жолу менен эсептелген. Эмне себептен мындай болгону боюнча азыркы учурда адистер иштеп жатышат.

**Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы М.Молдобаев:** Урматтуу жыйындын катышуучулары, жогорудагы аталган маселе боюнча талапкерлердин добуштарына таасирин тийгизүү мүмкүнбү Сздердин оюңуздар боюнча?

**О. Канторо уулу (талапкер):** Оооба мүмкүн! Ж.Кочкорбай кызы менен Ж.Айткулованын ортосундагы айырмачылык аз эле болуп жатат.

**БШКнын Алай, Чоң-Алай АШКларындагы атайын өкүлү: М.Алмазбеков-** Себеби Сиздердин колуңуздарга берген маалымат бул аралыктан добуш берүүнүн протоколдорунун көчүрмөлөрү, эгерде бул добуштарды кошо турган болсок айырмачылык көп болуп жатат.

**Ж.Кочкорбай кызы (талапкер):** Сиздин оюңуз боюнча бул жерлерде Мыйзам бузуулар барбы?

**БШКнын Алай, Чоң-Алай АШКларындагы атайын өкүлү: М.Алмазбеков-** Мыйзам бузуулар болсо аймактык шайлоо комиссиясы Сиздерге жооп берет, себеби аларда Мыйзам бузуулар боюнча атайын жумушчу топ бар ошолор иш алып барат.

**Аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы М.Молдобаев:** Урматтуу жыйындын катышуучулары Биз эң негизгиси жергиликтүү кеңештерин депутаттарын шайлоону ынтымактуу жана биримдикте өткөрүп алдык, бирок жогорудагы айтылган Мыйзам бузуу фактылары шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизген жок экендигин белгилеп кетишибиз керек.
Андай эмесе аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүндө сунуштар жок болсо жыйынды жыйынтыктасак.

Жогорудагылардын негизинде Алай аймактык шайлоо комиссиясы

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. №1 Будалык шайлоо округуна тиешелүү №5134 ушкнын 16-ноябрь күнү добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү уюштурууда УИП аппараттан “талапкер” деп чыккан бюллетендерди жок кылууда “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 35-беренесинин 11-пунктунун 2-абзацынын талабы участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан одоно бузулгандыгы белгиленсин..
2. Арыздын 2-пунктунда көрсөтүлгөн аракеттерде Мыйзам бузуу болгон эместиги белгиленсин.
3. Арыздын 3-пунктундагы Көчмө урнадан чыккан 9 бюллетендин жалпы бюллетендерге кошуп эсептелиши Мыйзамдуу экендиги белгиленсин.
4. Арыздагы Добуш берүүнүн жыйынтыгы кайрадан эсептелиши “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” КР Мыйзамынын 36-беренесинин 12-пунктуна жооп бергендиги белгиленсин.